**ОшМУнун теология факультетинин Окумуштуулар Кеңешинин жыйынынын**

**№ 3-Токтому**

Төрагасы- З.К. Ажимаматов — Ош шаары, 17.12.2021-ж.

Катчысы- А. Керимкулова

Катышкандар:

1. Абдуганиев А. – Окутуучу жана тышкы байланыштар боюнча декандын орун басары
2. Ажимаматов З.- Декан
3. Жумабаев М.- Окутуучу, жана тарбия иштери боюнча декандын орун басары
4. Жусубалиев А.- Доцент, окуу иштери боюнча декандын орун басары
5. Зууридинов Ө.- Окутуучу, практика боюнча жетекчи
6. Калбердиев А.- Доцент, кафедра башчысы
7. Козукулов Т.- Доцент,
8. Масиралиев Ш.- Ага окутуучу, кесиптик бирликтин төрагасы
9. Тажибаев С.- Ассистент, оку-усулдук кеңештин төрагасы
10. Юсуф Доган- Декандын орун басары
11. Турганбаева И.- Аялдар кеңешинин төрайымы

Себептүү :

1. Арипов Н.- Доцент, илимий иштер боюнча декандын орун басары
2. Амракулов М. – Жаштар комитети
3. Кадыров М.- Ага окутуучу

**Күн тартиби:**

1. Факультетте окуу-тарбия иштеринин жүрүшү жөнүндө кураторлордун баяндамасы.
2. Факультеттин материалдык-техникалык базасын чыңдоо жөнүндө декан З. Ажимаматовдун баяндамасы.
3. Факультеттеги коомдук уюмдар иш аракети жөнүндө кесиптик бирликтин төрагасы Ш. Масиралиевдин баяндамасы.
4. Факультетте 2020-ж. Жарым жылдык эл аралык байланыштар боюнча жыйынтыгы жөнүндө декандын орун басары А. Абдуганиевдин баяндамасы.
5. Ар түрдүү маселелер.

Scanned with CamScanner

**I маселе**

**Угулду:** Кеңештин төрагасы *З. Ажимаматов* күн тартибиндеги биринчи маселе боюнча студенттердин контингенти менен тааныштырып, кээ бир тайпаларда катышуу начар болгондугун айтып кураторлорго сөз берди:

1-курстун Т(б) 1-20 жана Т(б) 2- 20 тайпасынын куратору *Ш. Масиралиев*, 2-курстун Т(б) 1-19 жана Т(б) 2- 19 тайпасынын куратору *Ө. Зууридинов* жана *М. Жумабаев*, 3-курстун Т(б) 1-18 жана Т(б) 2-18 тайпасынын куратору *А. Жусубалиев жана М. Кадыров*, 4-курстун Т(б) 1-17 жана Т(б) 2-17 тайпасынын куратору *А. Калбердиев* студенттердин катышуусу боюнча кыскача маалымат берип, алардын ичинен катышуусу начар студенттерди атап кеттишти, алар:

1-курс

1. Калдарбек кызы Диана
2. Калмурзаева Айжамал
3. Абдисаитов Сайпидин
4. Урайымов Кабланбек
5. Абдихалил уулу Абдыганы

2-курс

1. Гаипов Баймырза
2. Хаджиматов Кадырбек
3. Базарбай уулу Байтемир

3-курс

1. Акылбек уулу Тайлакбек
2. Закиров Жаныш
3. Камчыбек уулу Алмаз

4-курстун катышуусу жакшы.

Кураторлор катышуусу начар студенттер менен байланышып кандай себептер менен сабака катышпай жаткандыгын аныктап,айтып беришти. Декан *З. Ажимаматов* ар бир кураторго такыр сабактарга катышпаган студенттер менен байланышып контракт төлөмүн Диянет фонду төлөгөнгө чейин окуйт же окубайт экендигин аныктап берүүсүн суранды.

Ошондой эле колледжин студенттери боюнча кураторлору маалымат беришти. *С.Тажибаев* Тс 1-20 жана Тс 9-1-19 тайпасынын куратору, катышуусу начар студенттер:

1. Нурбек уулу Бекболот,
2. Айзирек Муктаралиева

Scanned with CamScanner

3. Исраилова Хуршида

*А. Абдуганиев* Тс1-19 жана Тс1-18 тайпасынын куратору, катышуусу начар студенттер:

1. Асилбеков Аруун
2. Ахмедов Алишер
3. Шайырбеков Откурбек
4. Торобек кызы Нургуль

Декан *З. Ажимаматов* ар бир окубай турган студентке контракт маселесин эскертип коюшун дайындады, окубайм деп контракты да төлөбөймүн деп эсептешпесин деп убакытты өткөзбөй окуудан четтетүнү сунуштады. Эгерде окуйм, бирок контракт төлөөгө кыйналып жаткан студенттерге убакыт бэрүүсүн дайындады.

Андан соң теология факультетинин 2020-2021-окуу жылына тарбиялык иштер план боюнча факультетке тиешелүү иш-чара жүрүп жатат өз убагында. Тарбиялык иштердин планында бекитилгендей Жаштар комитет менен биргеликте айлык пландалган иш-чаралар тиешелүү секторлорго бөлүнүп аткарылып жаткандыгын тарбия иштер боюнча декандын орун басары *М. Жумабаев* маалымат берип кетти.

**II маселе**

**Угулду:** 2-маселе боюнча *З. Ажимаматов*

Факультеттин материалдык-техникалык базасын чыңдоо боюнча университеттин тарабынан 1988-жылдан бери иштеп келип жаткан жылуулук системасын алмаштыруу маселеси көтөрүлүп жаткандыгын маалымдады.

**III маселе**

**Угулду:** 3-маселе боюнча факультеттин кесиптик бирликтин төрагасы *Ш. Масиралиев* пандемиянын убагында кесиптик бирликтин уюму материалдык жардам берүүсү боюнча айтып кетти, алардын катарында биздин факультеттен да алгандар болгондугун айтты. Ошондой эле кырдаалга байланыштуу Жаңы жылдык маарекелер болборун маалымдады.

Аядар кеңешинин төрайымы *И. Турганбаева* окуу жылдын башында бекитилген иш-план боюнча иш-чаралар жүрүп жаткандыгын маалымдады. "Аялзаты кийинүү эрежеси" аттуу семинарын өткөрүп, жана мотивация берүү максатында психологиялык темада Акчач Жолдошева менен сүйлөшүп пландап жатышканын айтып кетти.

Scanned with CamScanner

Декан *З. Ажимаматов* биздин университет менен эле чектелбей, белгилүү Кыргызстандын аялдары менен да байланышка чыгууга мүмкүнчүлүк бар экенин айтып, Zoom аркылуу да семинар уюштурууну сунуштады.

**IV маселе**

**Угулду:** 4-маселе боюнча факультеттин 2020-ж. жарым жылдык эл аралык байланыштар боюнча жыйынтыгы жөнүндө декандын орун басары А. Абдуганиев баяндамасы менен тааныштырды.

Толук отчет тиркелет.

**Ар түрдүү маселелер:** ОшМУга К.А. Исаковдун атын ыйгарууну ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешине сунуштоо.

**Угулду:**

**Кеңештин төрагасы** *З. Ажимаматов***:** К.А. Исаков ОшМУда ректор болуп 8 жыл эмгектенди. ОшМУну ар тараптан өнүктүрүп, университеттин инфраструктурасын жакшыртууга зор салымын кошту. Ошону менен бирге К.А. Исаков ОшМУну эл аралык рейтингге көтөрүп, университетке көптөгөн инвестицияларды тартып, көп пайдалуу иштерди аткарып кетти. Ошондуктан анын ушул эмгектерин эске алып, К. Исаковдун атын ОшМУга ыйгарууну университеттин Окумуштуулар кеңешине сунуштоону туура деп ойломун. Сиздер да оюңуздарды, ой-пикириңиздерди билдирип кетсеңиздер, анан добушка салсак.

**Сөзгө чыкты** *Ш. Масиралиев***:** К. Исаков убагында университетке көп салым кошту, чоң өзгөрүүлөрдү алып келген жетекчи болду, үзүрлүү эмгектенген, адамгерчиликтүү инсан болуп биздин эсибизде калды. Университеттин материалдык базасын чыңдады. Ошондуктан К. Исаковдун атын ыйгарууга агай татыктуу деп эсептеймин.

**Сөзгө чыкты** *А. Абдуганиев***:** ОшМУнун мурунку ректору К. Исаковдун атын ыйгаруу боюнча менин көз карашым, негизинен бул сыяктуу атын ыйгаруу мисалдарды башка университеттен да көрсөк болот. Мисалы ОшТУ М.М. Адышевдин атындагы университет, ошондой эле чет өлкөлөрдө дагы бул сыяктуу көп мисалдар бар. Ошондуктан менин жеке пикирим ОшМУга К. Исаковдун атын ыйгаруу сунушу туура деп эсептеймин.

Кеңештин мүчөлөрү баары сунушту колдоп, ачык добуш менен баары макулдугун билдиришти.

Scanned with CamScanner

**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап, факультеттин Окумуштуулар Кеңеши**

**токтом кылат:**

1. Факультетте окуу-тарбия иштеринин жүрүшү жөнүндө жыйынтыгы канааттандыраарлык деп табылсын. Жаңы окуу жылында 2021-2022-окуу жылындагы кемчиликтер эске алынсын.
2. Факультеттин материалдык-техникалык базасын чыңдоо иш-чаралары канааттандыраарлык деп эсептелсин.
3. Факультеттеги коомдук уюмдар иш аракети жөнүндө иш-чаралары канааттандыраарлык деп эсептелсин.
4. К.А. Исаковдун атын ОшМУга ыйгарууну университеттин Окумуштуулар кеңешине сунушталсын.

**Кеңештин төрагасы** **В. Ажимаматов**

**Кеңештин катчысы** **А.Керимкулова**

Scanned with CamScanner

**2020-2021-ОКУУ ЖЫЛЫНДАГЫ**

**ТЕОЛОГИЯ ФАКУЛЬТЕТИНИН ЭЛ АРАЛЫК БАЙЛАНЫШТАР БОЮНЧА ОТЧЕТУ**

1. **Теология факультети менен акыркы мезгилдерде активдүү кызматташкан ЖОЖдордун тизмеси:**

   Анкара Университети (Түркия)
   Диний билимди өркүндөтүү борбору (ш. Болу, (Түркия))
   Ататүрк Университети теология факультети (ш.Эрзурум, Түркия)
   Кыргыз-Түрк Университети «Манас»
   Гази Университети теология факультети (Түркия)
   Диний билимди өркүндөтүү борбору ( ш.Стамбул)
   Исламский университет (ш.Бишкек)
   Селчук Университети (Түркия)
   Ахмад Ясавий Университети (Казахстан)
   Кастамону Университети (Түркия)

2. **Теология факультетинин окутуучуларынын чет өлкөлүк ЖОЖдордо академиялык мобильдүүлүк алкагында тажрыйба алмашуусу жана илимий кызматташуусу.**
   2020-2021-окуу жылындагы дүйнөлүк пандемияга байланыштуу теология факультетинин окутуучулары чет өлкөлүк ЖОЖдордо академиялык мобильдүүлүк алкагында тажрыйба алмашууга катыша албады.

3. **2020-2021-окуу жылында факультеттин студенттеринин ички жана сырткы академиялык мобилдүүлүк алкагындагы тажрыйба алмашуусу.**

   2020-2021-окуу жылындагы дүйнөлүк пандемияга байланыштуу теология факультетинин студенттери офлайн жана онлайн түрдө чет өлкөлүк ЖОЖдордо академиялык мобильдүүлүк алкагында тажрыйба алмашууга катыша албады.

4. **Сырткы байланыштарды күчөтүүгө карата сунуштар:**
   - Түркиядагы университеттер жана диний билим берген мекемелер менен тыгыз байланыш куруу
   - Жайкы каникулда окутуучу жана студенттерди тажрыйба алмашуу жана билимди өркүндөтүү максатында атайын лагерлерге жиберүү

**2. 2020-2021 - окуу жылына карата мобилдүүлүк боюнча жаңы долбоор**

1. Түркия Диянет Фонду жана ОшМУнун теология факультетинин ортосунда түзүлгөн келишимдин моонотү Түркиянын Анкара шаарындагы Диянет фондунун башкы имаратында ОшМУнун ректору профессор К. Кожобеков жана теология факультетинин деканы доцент З. Ажимаматов коштогон делегациянын катышуусундагы жолугушууда узатылды. Келишимде теология факультетинин даярдык курсундагы студенттердин атайын стипендиянын негизинде Анкара университетинде бир жылдык даярдык курсун окуусу жана ОшМУнун теология факультетине Түркиянын



Scanned with CamScanner

ЖОЖдорунан волонтер окутуучулар да келип сабак берүүсү сыяктуу академиялык мобилдүүлүккө байланышкан негиздер да камтылган.

## 3. 2020-2021 - окуу жылында ОшМУ теология факультетинде конок-лекторлор тарабынан уюштурулган конференциялар

1. Чет Өлкөлөрдөгү Түрктөр жана Тектеш Коомчулуктар Башкармалыгынын (ҮТВ) вице-президенти Саид Юсуф жетектеген делегация бакалавр, магистратура жана докторантура студенттерин Түркиядагы ЖОЖдорго кабыл алуу үчүн ОшМУнун теология факультетинде атайын маектешүү иш-чарасын өткөрүү үчүн 2020-жыл, 6-сентябрь кечки сааттарда Ош шаарына келди. 7-сентябрда аталган делегация ОшМУнун теология факультетинин деканы Доц. Док. Зайнабидин Ажимаматов жетектеген жамаат менен жолугуп, билим берүү тармагында кызматташуу боюнча пикир алмашышты.

   Иш-чаранын алкагында теология факультетинин жамаатынан жана Ыйман Гимназиясынын жетекчилеринен куралган чакан топтун коштоосунда Түркиядан келген коноктор ОшМУнун ректору Проф. Док. Кудайберди Кожобеков менен жолугушуп, алдыда жасала турган иш-чараларды талкуулашты.

   8-сентябрда КМДБнын Аалымдар Кеңешинин төрагасынын орун басары жана теология факультетинин окутуучусу Доц. Док. Ниязалы Ариповдун демилгеси менен ҮТВ вице-президенти Саид Юсуф жана Ош шаарынын мэри Таалайбек Сарыбашевдин ортосунда атайын жолугушуу уюштурулуп, билим берүү тармагындагы эки тараптуу мамилелер колго алынды.

   Иш-чаранын акыркы күнү Түркиядан келген делегация теология факультетинин жана Ыйман Гимназиясынын окутуучу курамынын коштоосунда Өзгөн шаарына сапар уюштуруп, Өзгөн архитектуралык комплекси жана Имам Сарахсийнин күмбөзүн зыярат кылуу аркылуу жергиликтүү калк менен жолугушту.

   20-октябрда ОшМУнун теология факультетинде "Диний билим берүүнүн учурдагы актуалдуулугу" аттуу илимий-практикалык семинар болуп өттү. Семинарга факультеттин деканы доцент З. Ажимаматов, илимий иштер боюнча декандын орун басары доцент Н. Арипов, Муфтияттын медресе жана окуу иштери бөлүмүнүн башчысы Аким ажы Эргешов, Жалалабад жана Ош облустарынан келген медресе мүдүрлөрү, ОшМУнун Ыйман гимназиясынын жана теология факультетинин окутуучулар жамааты катышышты. Диний окуу жайлар ортосунда тажрыйба алмашууну жандандыруу максатында уюштурулган семинарда З. Ажимаматов ачылыш сөзүндө теология факультети жөнүндө жалпы маалымат берди. Аким ажы Эргешов жана медресе мүдүрлөрү да теманын алкагында өздөрүнүн пикирлерин билдиришти. Семинар Н. Арипов “Светтик алкакта диний били берүү" аттуу илимий доклады жана суроо-жооптор менен жыйынтыкталды.



Scanned with CamScanner

2. 2020-2021-окуу жылдын күзгү семестринде ОшМУнун теология факультетинин студенттери үчүн "Хадис илиминин негизги маселелери", "Исламий практикада мазхабдардын маанилүүлүгү", "Макам илимине киришүү", "Куран тили катары араб тилинин маанилүүлүгү" аттуу кесиптик илимий онлайн семинарлар Түркиянын ЖОЖдорунда окутуучу кызматын аткарып келе жаткан проф. Ахмет Унсал, доцент Ферхат Гөкче жана Курани Карим окутуучусу каары Закий аль-Асалийдин лекторлугунда уюштурулду.

3. ОшМунун теология факультетинин эл аралык байланыштар боюнча координатору А. Абдуганиев Түркиянын Сивас университети тарабынан уюштурулган эл аралык илимий журналдар боюнча өткөрүлгөн онлайн конференцияга катышты.

**Теология факултетинин деканы:**
**Доц. Др. З. Ажимаматов**

**Теология факультетинин деканынын**
**сырткы байланыштар**
**боюнча орун басары: А. Абдуганиев**

Scanned with CamScanner